***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-май*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

***Баткен-2022***

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2022-жылдын январь-май айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2022-жылдын 13-июну

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 7 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 11 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 11 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………….…………………..………………..*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………………… | 12 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………..*** | 12 |
| | Калктын оорулары........................................................................ | 12 |
| | Укук бузуулар............................................................................... | 13 |
| | ***Тиркеме…………………………………………………………………*** | ***14*** |

## *ОБЛУСТУН 2022- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАЙ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2022-жылдын январь-май айында 1573920,7 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 106,0 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2021-жылдын январь-май айларында 4098,7 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,6 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 634746,5 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 22,2 пайызга аз болду.

2022-жылдын январь-май айында турак жай курулушунда жалпы аянты 27396,0 чарчы метр болгон 248 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь- май айынын денгээлине салыштырмалуу 126,8 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 374703,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 521,3 миң тонна жүк ташылып, 2021-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 92217,8 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,5 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-май айында 6764166,9 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-май айынын денгээлинен 4,2 пайызга өскөн.

2022-жылдын январь-май айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 7289116,6 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2021-жылдын январь-май айынын деңгээлинен 16,1 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-май айында 1276674,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,7 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-май айын өткөн жылдын январь-май айына салыштырганда 111,6 пайызды, ал эми ушул жылдын май айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 106,4 пайызды түздү.

Облус боюнча 2022-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 20619,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 44,1 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 16620,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,6 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-май айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, эпидемиялык паротит, эхинококоз, котур жана респиративдүү оорулардын өскөндүгү байкалат. Ал эми ичегинин өткүр инфекциясынын, вирустуу гепатит А түрү, жаныбарлардын тиштеп алуусунун, аскаридоз, бруцеллез, педикулез жана гонорея оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2022 ж. январь-май айларында | 2022ж май айы 2021ж май айына карата пайыз менен | 2022-жылдын январь-май айлары 2021-жылдын январь-май айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1573920,7 | 107,5 | 106,0 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 4098,7 | 98,0 | 99,6 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 634746,5 | 121,6 | 77,8 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 27396,0 | 145,3 | 126,8 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 521,3 | 101,2 | 101,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 92217,8 | 129,9 | 101,5 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 6764166,9 | 133,1 | 104,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 7289116,6 | 133,4 | 116,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1276674,5 | 119,7 | 101,7 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 16620,7 [1)] | 144,1[2)] | 120,6[3)] |

***[1)] 2022ж. январь-апрель***
***[2)] 2022ж. апрель***
***[3)] 2022ж. январь-апрель***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2022-жылдын январь-май айында 1573920,7 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 106,0 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 580424,1 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 36,9 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 550828,8 миң сомду же 35,0 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 368195,7 миң сомду же 23,4 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 74472,1 миң сомду же 4,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-май айында 550828,8 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 108,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 226191,0 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу 113,5 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 33576,0 тоннага, Лейлек району 3757,0 тоннага көп, ал эми Сүлүктү шаары 7573,3 тоннага, Баткен району 2804,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 580424,1 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 107,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 271365,4 миң сомду (көлөмдүн 46,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 105726,7 миң сомду (көлөмдүн 18,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 12220,9 миң сомду (көлөмдүн 2,1 пайызын), химия өндүрүшү 5382,0 миң сомду (көлөмдүн 1,2 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 100509,2 миң сомду (көлөмдүн 17,3 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 42099,8 миң сомду (7,2 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 48502,1 миң сомду (8,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-май айында өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу 107,5 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 9,8 пайызга, жаңы бышкан нан 1,0 пайызга, таш көмүр өндүрүү 13,5 пайызга, тазартылган күрүч 6,0 пайызга, эт азыктары 13,5 пайызга, балмуздак 2,7 пайызга, кондитердик азыктар 3,9 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 1,9 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 20,9 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 15,7 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 0,8 пайызга, бут кийим 9,4 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 63,5 эсеге, бышырылган керамика кирпичи 36,9 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрү 74,1 пайызга,аялдардын тигилүү кийимдери 97,5 пайызга, иштетилбеген мунайзат 20,0 пайызга, иштетилген сүт азыктары 18,7 пайызга аз өндүрүлдү.

*2022-жылдын январь-май айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 105726,7 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-май айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 70,5 пайызга өскөн. Ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 5382,0 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 74,1 пайызга төмөндөгөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-май айында 42099,8 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-май айына салыштырганда 113,9 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-май* айында 368195,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 101,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 74472,1 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 95,0 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2022-жылдын январь-май айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 4098,7 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,6 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 9759,6 тонна эт, 32508,4 тонна сүт, 6007,8 миң даана жумуртка, 385,8т жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу жумуртка өндүрүү 1,4 пайызга жогорулаган. Ал эми эт өндүрүү 0,6 пайызга, сүт өндүрүү 0,1, жүн өндүрүү 2,3 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,8, Кызыл-Кыя шаарында 4,7, Сүлүктү шаарында 0,5 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 5,4 пайызга азайган. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 3,1, Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,3, Кызыл-Кыя шаарында 5,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 7,4 жана Сүлүктү шаарында 4,6 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 1,3, Кадамжай району 1,4, Лейлек району 0,4, Баткен шаары 1,2, Кызыл-Кыя шаары 3,4, Сүлүктү шаары 0,6 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,2 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 1,3, Сүлүктү шаарында 3,0 пайызга көп өндүрүлгөн. Баткен районунда 10,0, Баткен шаарында 11,1 пайызга аз өндүрүлгөн. Ал эми Лейлек районунда өткөн жылдын деңгээлиндн калган.

Облус боюнча 2022-жылдын 1-июнуна карата Баткен районунда 0,5 тонна лимон мөмөсү, 1,0 тонна бадраң, 3,0 тонна помидор, Кадамжай районунда 6,4 тонна помидор, 9,7 тонна бадыраң жана 0,7 тонна лимон мөмөсү жыйналып алынды. Ал эми Баткен шаарында 1,7 тонна помидор, 2,5 тонна бадыраң жана 0,2 тонна көк чөп жыйналган.

***Капиталдык салым.*** 2022-жылдын январь-май айларында 634746,5 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2021-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 77,8 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Сүлүктү шаарында 89,6 пайызга, Баткен районунда 3,5 эсеге өскөн. Ал эми Лейлек районунда 7,7 пайызга Кадамжай районунда 50,1 пайызга, Баткен шаарында 73,7 пайызга Кызыл-Кыя шаарында 37,3 пайызга төмөндөдү. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 95,6 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Турак жай.*** 2022-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 27396,0 чарчы метр болгон 248 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 126,8 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 374703,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Транспорт жана байланыш.*** 2022-жылдын январь-май айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 521,3 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,4 пайызды түздү.

2022-жылдын январь-май айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 4120,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 92217,8 миң жүргүнчү-км түздү (2021-жылдын январь –май айларына салыштырмалуу 101,5 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2022-жылдын январь-май айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-май айында 8565791,1 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-май айына салыштырмалуу 4,7 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 8318619,1 миң сом болуп 3,2 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 6764166,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,2 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 3515325,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 52,0 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-май айында 7289116,6 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 16,1 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айында 15875,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,0 пайызга өсөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айында 2980994,5 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,5 пайызга төмөндөгөн.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (78,8 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-май айында 5744754,2 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 13,9 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айында 1276674,5 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 1,7 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 1-июнуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 15779 адамды түздү, анын ичинен 11676 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 251 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2022-жылдын 1-июнуна карата 486 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 62 адам туура келди.

Облус боюнча 2022-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 20619,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 44,1 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 16620,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,6 пайызга өскөн.

Эмгек акы март айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоо кен казуу, курулуш, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2022-жылдын апрель айында 237,5 долларды түздү.

2022-жылдын 1-майына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 44956,2 миң сом болду. Эмгек акыны төлөө карызынын 91,6 пайызын Кадамжай району, 8,4 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны
(адам)




***__Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.__*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 113,2 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 118,4 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 108,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2022- жылдын май айында өткөн жылдын май айына салыштырмалуу 99,0 пайызды түздү. Ал эми 2022-жылдын январь-май айлары өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 98,6 пайызды түздү.

***__Баалардын жана тарифтердин индекси.__*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-май айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 111,6 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын май айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 106,4 пайызды түздү.

Ушул жылдын май айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 2,3 пайызга, 1-сорттогу ун 1,4 пайызга, нан 2,8 пайызга, макорон азыктары 3,3 пайызга, сүт 2,8 пайызга кымбаттаган. Ал эми жумуртка 2,5 пайызга, күн карама майы 2,6 пайызга төмөндөп, калган уйдун эти, койдун эти, өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 104,6 | 100,5 | 100,9 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,5 | 100,2 |
| февраль | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 98,5 |
| Март | 103,7 | 102,7 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 108,1 |
| Апрель | 105,2 | 101,8 | 107,1 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 94,47 | 101,1 |
| май | 102,3 | 101,4 | 102,8 | 103,3 | 100,0 | 100,0 | 102,8 | 97,5 | 97,4 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 9,2 пайызга, сабиз 9,0 пайызга, алма 10,2 пайызга, кургатылган өрүк 23,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми картошка 0,6 пайызга төмөндөп, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 102,6 | 105,9 | 121,5 | 98,0 | 100,0 |
| февраль | 112,1 | 102,5 | 106,0 | 117,6 | 100,0 | 100,0 |
| Март | 102,3 | 93,7 | 104,4 | 102,5 | 100,0 | 103,3 |
| Апрель | 104,7 | 102,4 | 110,6 | 103,7 | 102,1 | 100,0 |
| май | 109,2 | 99,4 | 109,0 | 110,2 | 123,1 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айында өткөн жылдын январь-май айына салыштырмалуу кийимдер 8,1 пайызга, кийим тигүү үчүн материалдар 2,9 пайызга, бут кийимдер 17,8 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 13,7 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 47,5 пайызга, бензин 47,7 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 6,7 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 9,9 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 8,5 пайызга кымбатаган. Ал эми катуу отун 2,8 пайызга төмөндөгөн, суу менен камсыз кылуу, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2022ж. май 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-май 2021ж январь майына карата | 2022ж май 2022ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 101,9 | 108,1 | 100,3 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 109,4 | 102,9 | 100,0 |
| Бут кийим | 101,4 | 117,8 | 100,5 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 108,9 | 113,7 | 108,6 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 91,8 | 97,2 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 107,3 | 147,5 | 99,8 |
| Бензин | 107,1 | 147,7 | 99,8 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 107,6 | 106,7 | 102,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 98,0 | 109,9 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 102,0 | 108,5 | 100,8 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын май айында мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 7,4 пайызга кымбатаган. Ал эми калган бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2022ж. май 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-май 2021ж январь майына карата | 2022ж май 2022ж апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 124,3 | 123,0 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 102,3 | 108,0 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 107,4 | 108,7 | 107,4 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 100,0 | 116,7 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

### ***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## ***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 437,6 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 118,9 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 501,3 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,5 пайызга, ал эми чыгашалар 42,0 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2022-жылдын январь-апрель айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2022-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 256,3 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 21,3 пайызга өскөн. Бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 4,5 эсеге, киреше жана пайда салыгы 28,5 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 34,2 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 6,0 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 14,9 пайызга, жер салыгы 16,7 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 14,3 пайызга жана кыймылсыз мүлк салыгы 9,1 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2021-жылдын январь-апрель айларында жалпы кирешенин 16,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2022-жылдын январь-апрель айларында 13,7 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 77,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,8 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 24,4 пайызга көбөйгөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2022-жылдын январь-апрель айларында 180,9 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 21,0 пайызга азайган. Чыгашалардын 11,1 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 66,0 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 0,9 пайызы билим берүү тармагына (1,6 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***<u>Калктын оорулары</u>***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-май айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериалуу минингит менен 1 оорулуу жана бактериялуу дизентерия менен

19 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 804 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,1 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 122 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 18,7 пайызга төмөндөгөн, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 114 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20,3 пайызга төмөндөгөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 19 оорулуу катталып 72,7 пайызга өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* бруцеллез оорусу менен 19 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 26,9 пайызга, жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 322 учур катталып 8,0 пайызга, аскаридоз менен 479 учур катталып 8,9 пайызга төмөндөгөн, ал эми эхинококкоз оорусу менен 12 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 88,9 пайызга өскөн.

*Паразитардык оорулардан* ВИЧ инфекциясы менен 11 учур катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу ооруунун өсүүсү байкалууда, гонорея менен 5 учур катталып 58,3 пайызга, педикулез менен 2 учур катталып 77,8 пайызга төмөндөгөн, котур ооруусу 47 учур катталып 11,9 пайызга өскөн, ал эми сифилис ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 7610 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 32,6 пайызга өскөн, кургак учук менен ооруган 102 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,9 пайызга төмөндөгөн.

***Укук бузуулар.*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2022-жылдын январь-апрель айларында облус боюнча 527 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,6 пайызга же 14 кылмышка аз болгон. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 4, зэнбаштык 7, уурулук 126, алдамчылык 85, тоноочулук 9, опузалап талап кылуу боюнча 2, бангизаттарга байланыштуу 25, кызматтык кылмыштар 34, экономика тармагында 21 кылмыш, 8 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2022-жылдын январь-апрель айларында 347 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 117 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-40, иштегендер 1, ишкерлер 3, мектеп окуучулары 18, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 7, эч жерде иштебеген жана окубагандар-198 түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………........................……….............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..........................................………............... | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ………………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча 2022-жылдын 1-июнуна карата өндүрүлгөн лимон мөмөсүн жана жашылчалардын түшүмүн жыйноонун жүрүшү жөнүндө маалымат.......................................................................................... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….………….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 21 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 21 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча…………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши........................................................................…...... | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү…………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Соодaнын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………....... | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……………………………………………… | 26 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………. | 26 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 27 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 27 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)........................................................................................................................... | 28 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 28 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)………………………………………………………………………. | 29 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………….. | 29 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)…………………….. | 29 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 30 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары март............. | 31 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-март | 31 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 32 |
| | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны………….………………………………………… | 32 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 35 |
| 37 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………….. | 35 |
| 38 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………. | 36 |
| 39 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………. | 36 |

***Реалдык сектор***

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-май

( миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***1398262,8*** | ***1573920,7*** | ***106,0*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***453517,5*** | ***550828,8*** | ***108,4*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 320250,1 | 363060,0 | 113,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 130748,7 | 184535,6 | 80,0 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 2518,7 | 3233,2 | 93,4 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***488944,1*** | ***580424,1*** | ***107,8*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 253561,5 | 271365,4 | 107,5 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 252778,1 | 270064,5 | 104,9 |
| -тамеки өндүрүү | 783,4 | 1300,9 | 166,0 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 49013,5 | 105726,7 | 170,5 |
| -текстил өндүрүшү | 34698,8 | 86076,2 | 127,4 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 14127,8 | 19445,6 | 5,4 эсе |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 186,9 | 204,9 | 109,4 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 10855,8 | 12220,9 | 104,3 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 10518,3 | 11833,4 | 104,0 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 337,5 | 387,5 | 116,0 |
| 4. Химия өндүрүшү | 4657,5 | 5382,0 | 25,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 94312,8 | 100509,2 | 102,1 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 36279,1 | 42099,8 | 113,9 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 44921,4 | 48502,1 | 108,8 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***360817,0*** | ***368195,7*** | ***101,9*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***94984,2*** | ***74472,1*** | ***95,0*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү

январь-май (миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***1398262,8*** | ***1573920,7*** | ***107,5*** | ***106,0*** |
| Электр энергиясыз | 1037445,8 | 1205725,0 | 110,8 | 107,1 |
| районлор: | | | | |
| Баткен | 57720,5 | 53021,7 | 108,6 | 94,9 |
| Кадамжай | 276536,0 | 378781,4 | 105,1 | 120,3 |
| Лейлек | 186704,5 | 260024,8 | 101,1 | 102,3 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 398157,5 | 413904,6 | 96,5 | 103,7 |
| Электр энергиясыз | 37340,5 | 45708,9 | 111,6 | 109,0 |
| Кызыл-Кыя | 215654,1 | 243651,5 | 64,2 | 118,8 |
| Сүлүктү | 263490,2 | 224536,7 | 146,5 | 94,2 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2021 | 2022 | 2022ж. январь-май айы 2021ж. январь-май айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-май | | |
| Таш көмүр | тонна | 199235,3 | 226191,0 | 113,5 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 1643,5 | 2249,2 | 136,9 |
| Бут кийим | жуп | 470 | 514 | 109,4 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 334,7 | 379,8 | 113,5 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | 500,0 | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2438,6 | 2457,6 | 100,8 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 42,7 | 49,4 | 115,7 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 3648,1 | 3684,1 | 101,0 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 35879,9 | 39378,8 | 109,8 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | - | - | 25,9 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 1956,4 | 2365,7 | 120,9 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 439,8 | 466,0 | 106,0 |
| Кондитер азыктары | тонна | 205,1 | 213,1 | 103,9 |
| Килемдер | даана | - | - | - |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | - | - | - |
| Балмуздак | тонна | 11,2 | 11,5 | 102,7 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 7186 | 456115 | 63,5 эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 425957 | 10465 | 2,5 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 5,5 | 4,4 | 80,0 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 152642,4 | 155593,2 | 101,9 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 20,3 | 16,5 | 81,3 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2022-жылдын январь -майы

| | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***199235,3*** | ***226191,0*** | ***113,5*** | ***1643,5*** | ***2249,2*** | ***136,9*** | ***334,7*** | ***379,8*** | ***113,5*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 4345,0 | 1541,0 | 35,5 | 500,0 | 200,0 | 40,0 | 25,9 | 26,1 | 100,8 |
| Кадамжай | 72912,0 | 106488,0 | 146,1 | 1143,5 | 2049,2 | 179,2 | 137,8 | 182,9 | 132,7 |
| Лейлек | 59,0 | 3816,0 | 64,7 эсе | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 52,0 | 59,0 | 113,5 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 119,0 | 111,8 | 93,9 |
| Сүлүктү | 121919,3 | 114346,0 | 93,8 | - | - | - | - | - | - |
| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | | | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***3648,1*** | ***3684,1*** | ***101,0*** | ***2438,6*** | ***2457,6*** | ***100,8*** | | | |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 161,0 | 174,0 | 108,1 | 1680,2 | 1687,8 | 100,5 | | | |
| Кадамжай | 1524,0 | 1543,5 | 101,3 | 550,0 | 559,0 | 101,6 | | | |
| Лейлек | 280,6 | 325,1 | 115,8 | 208,4 | 210,8 | 101,2 | | | |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | 258,0 | 274,0 | 106,2 | - | - | - | | | |
| Кызыл-Кыя | 1174,5 | 1117,5 | 95,1 | - | - | - | | | |
| Сүлүктү | 250,0 | 250,0 | 100,0 | - | - | - | | | |
| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | | | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***205,1*** | ***213,1*** | ***103,9*** | ***42,7*** | ***49,4*** | ***115,7*** | | | |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 15,5 | 16,3 | 105,2 | 16,2 | 16,8 | 103,7 | | | |
